***Зулпукарова Д.И.***
***Ошский Государственный Университет, к.п.н.***

# МАТЕМАТИКА САБАГЫНДА ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРДИ УЮШТУРУУНУН ЖОЛДОРУ

# ПУТИ ОРГАНИЗАЦИИ САМОСТОЯТЕЛЬНЫХ РАБОТ НА ЗАНЯТИЯХ МАТМАТИКИ

***Zulpukarova D.I.***

# WAYS ORGANIZATION OF INDEPENDENT WORK IN THE CLASSROOM MATHEMATICS

***Аннотация:*** *Макалада башталгыч класстардын математика сабагында өз алдынча иштерди уюштуруунун жолдору каралат. Окуучулардын өз алдынча таанып билүү ишмердүүлүктөрүн жана логикалык ойлоосун өстүрүүгө багытталган тапшырмаларды түзүү керек. Өз алдынча иштөө үчүн түзүлгөн тапшырмаларды ар бир окуучунун жөндөмүнө жана мүмкүнчүлүгүнө жараша дифференцирлештирип берүү маанилүү. Ошентсек, жакшы окуучу да, орто окуучу да белгиленген убакытта берилген маселени чечет, өзү аткарган ишинин натыйжасына канааттанат жана системалуулук сакталат.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются способы организации самостоятельных работ на уроках математики. Задачи должны быть созданы по направлению логического мышления и познавательной деятельности учащихся. Очень важно каждому ученику должны создаватся задачи по их способностями и возможностями или должны быть дифференцированным. В результате любой самостоятельной работа всегда определяется ее четкой постановкой и неуклонной систематичностью.*

***Annotation:*** *The article discusses ways of organizing independent work in mathematics lessons in primary school. Objectives should be set up in the direction of logical thinking and cognitive activity of students. It is important to every student should sozdavatsya tasks on their abilities and capabilities and should be differentiated. The results of any independent work is always defined by its precise formulation and undeviating regularity.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *окутуунун методдору, заманбап технологиялар, өз алдынча иштер, таанып билүү, жаңы технологиялар, дифференцирлештирүү, окутуу процесси.*

***Ключевые слова:*** *Методы обучения, современные технологии, самостоятельные работы, познания, новые технологии, дифференцирование, процесс обучения.*

***Key words:*** *teaching methods, modern technologies, tasks for independent work, new technologies, knowledge, differentiation, learning.*

Учурдагы илим менен техниканын тездик менен өнүгүүсү мектепте окуучуларды даярдоого өзгөчө көңүл бурууну талап кылууда. Мектеп окуучуларга анык бир билимдердин системасын берип гана тим болбостон, заманбап илимий-техникалык информациялардын агымына багытталган билимдердин запасын өз алдынча топтоого үйрөтүүсү керек.

Учурдагы билим берүүнүн негизги маселеси, окуучулардын алган билимдерине өз алдынча анализ жүргүзүү, аларды жаңы ситуацияларга колдонуу, ар кандай шарттарда чечимдерди таап, өз алдынча жыйынтык чыгаруу жана жалпылоо билгичтиктерин калыптандырууда турат. Азыркы мезгилдеги илимий, техникалык, экономикалык тармактардагы жаңы ачылыштардын пайда болушу окуучуларды маалыматтык технологияларды колдонууга кызыгууларын жаратып, сабакка болгон кызыгуулары кандайдыр бир деңгээлде төмөндөп бара жаткандай. Ошондуктан окуучуларды ар кандай жолдор менен сабакка болгон кызыгууларын пайда кылып, өз алдынча иштерди уюштурууда түрдүү технологияларды колдонуу аркылуу окуп үйрөтүү баарыбыздын көңүлүбүздүн борборунда болуп калды.

Математиканы окуп үйрөтүүдө өз алдынча иштетүүнүн мааниси чоң, анткени математика предмети логикалык ойлоону өстүрүүгө, өз ара пикирлешүүгө, так жана түшүнүктүү сүйлөөгө өбөлгө түзөт. Мындай шарттарды ишке ашырууда мугалимдин алдында турган маселе окуучулардын өз алдынча иштөө жана активдүү ойлоосун өстүрүү менен программада каралган материалдар боюнча бекем билимдерди камсыз кылуу болуп саналат.

Өз алдынча иштер окуучулардын чыгармачылык иштерин уюштуруунун негизги жолдорунун

бири. Аны уюштуруу жана ага жетекчилик кылуу ар бир мугалимдин алдында турган жоопкерчиликтүү жана татаал жумуш. Окуу ишмердүүлүгүндө окуучу мугалимдин түшүндүргөнүн түшүнүп, айтып бергенин эсине сактап гана тим болбостон өз алдынча билимдерди алууга жетишүүсү, билимдерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүнү калыптандырууда канчалык деңгээлде өз алдынчалуулукка, активдүүлүккө ээ болуусу негизги орунда турат.

Математика сабагында окуучуларды өз алдынча иштетүүдө жекече иштер кеңири колдонулат. Жекече форма - бүт окуу процессинде мугалимдин окуучу менен жекече иштөөсү аркылуу аныкталып, мугалим тарабынан көрсөтмөлөрдүн, инструкциялардын негизинде берилген тапшырманы ар бир окуучу өз жөндөмдүүлүгүнө жараша өз алдынча аткарат.

Жекече тапшырмалар ар бир окуучунун жекече өзгөчөлүгүн эске алуу менен түзүлөт. Өз алдынча иштер класстагы күчтүү жана начар окуган окуучулардын оптималдуу өнүгүүсүн камсыз кылат. Өз алдынча иштердин мазмуну, формасы жана аны аткаруу убактысы берилген теманы окутуунун негизги максаттарына жооп берүүгө тийиш.

Өз алдынча иштер мугалимдин койгон максаттарына карата төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

1. Окуп-үйрөтүүчү өз алдынча иштер;
2. Машыктыруучу өз алдынча иштер;
3. Бышыктоочу өз алдынча иштер;
4. Кайталоочу өз алдынча иштер;
5. Өнүктүрүүчү өз алдынча иштер;
6. Чыгармачыл өз алдынча иштер;
7. Текшерүүчү өз алдынча иштер.

1. Окуп-үйрөтүүчү өз алдынча иштерди жүргүзүүдө мугалим төмөнкүлөрдү эске алуусу зарыл: тапшырмалар репродуктивдүү мүнөздө болуп, тез арада текшериле тургандай түзүлүүсү керек. Мындай өз алдынча иштерди көбүнчө жаңы материалды түшүндүрүү учурунда же жаңы теманы түшүндүрүп бүткөндөн кийин жүргүзүүгө болот. Анткени, мугалимге жаңы материалды окуучулардын канчалык деңгээлде өздөштүргөнү белгилүү болот. Мында негизги максат окуучуларды текшерүү эмес, окутуп-үйрөтүү болуп саналат (Мисалы, И.Б. Бекбоев, И.Н. Ибраева Матаматика 4-кл. Узундук жана салмак. 36-б, 1-2-слайддар).

2. Машыктыруучу өз алдынча иштер бир типтүү тапшырмалардан түзүлөт. Мында окуу китебинен, дептериндеги жазуулардан жана таблицалардан пайдаланууга уруксат берүү менен начар окуган окуучуларга ыңгайлуу шарт жаралат. Бул учурда окуучуларга түрдүү деңгээлдеги тапшырмалардан турган карточкаларды берүүгө болот. Алар карточкалар аркылуу өз алдынча иштөөгө көнүгүшөт.

3. Бышыктоочу өз алдынча иштер окуучулардын логикалык ойлоосун өстүрүүгө багытталууга тийиш. Бул тапшырмаларды текшерүүнүн жыйынтыгы жаңы материалдын канчалык деңгээлде бышык өздөштүлгөнүн көрсөтөт жана мугалим бул теманын үстүндө дагы иштөө керектигин аныктап алат (Мисал, 3-4-слайддар).




**1-слайд**




**2-слайд**

4. Тематикалык же бөлүм боюнча кайталоочу өз алдынча иштерди жүргүзүү менен мугалим кайсы теманы өздөштүрүүдө окуучуларда кыйынчылык туулгандыгын аныктап алат жана кайсы теманын үстүндө көбүрөөк иштөө керектиги белгилүү болот. Ар дайым жаңы теманы түшүндүрүүнүн алдында, мурунку өтүлгөн тема боюнча бир нече тапшырмаларды берүүгө болот.

5. Өнүктүрүүчү мүнөздөгү өз алдынча иштерди уюштурууда окуучуларга олимпиадалык тапшырмаларды, аныкбир тема боюнча даярданууга тапшырмаларды, өз алдынча үйдө аткарып келүүгө тапшырмаларды, класстан тышкаркы уюштурулуучу иш-чараларга тапшырмаларды берүү менен окуучуларды өз алдынча иштөөгө кызыктырууга болот. Мисалы: Санды 3кө бөл-

сөм 115 келип чыкты. Ошол сан канча эле? Туюнтма боюнча маселе түз: (42+27):3, Тик бурчтук боюнча төмөнкүлөр белгилүү: P=15 см, S=56 см$^2$. Тик бурчтуктун жактары кандай? ж.у.с.(математика 4-кл.)

6. Чыгармачыл өз алдынча иштер окуучуларда абдан кызыгууну жаратат. Аларга проектор аркылуу бир нече мисал, маселелерди көрсөтүп, алгач алар менен биргеликте иштеп, ушул эле тапшырмаларды башкача жолдор менен чыгарууга болобу? Өзүңөр ушул сыяктуу тапшырмаларды ойлоп таап, чыгарып келгиле? ж.у.с. тапшырмаларды берип, алган билимдерин өз практикасында колдоно алууга көнүктүрүү керек







**(3-4-слайддарды көрсөтөбүз, ага окшош тапшырмаларды өздөрү табышат).**

7. Окутуу процессинде окуучулардын өз алдынчалуулугунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында текшерүүчү өз алдынча иштерди түрдүү варианттарда жүргүзүүнү сунуштоого болот. Текшерүүчү өз алдынча иштер пландалган окутуунун жыйынтыгына жетүүнүн негизги шарты болуп эсептелет. Бул өз алдынча иштер аркылуу өтүлгөн материал боюнча окуучулардын билимдерин, билгичтиктерин текшерүүгө, өтүлгөн материал менен жаңы материалдын ортосундагы байланышты тургузуп, уламалуулукту, системалуулукту ишке ашырууга болот:

- өтүлгөн жаңы тема боюнча жалпы класска 3-4-мүнөттүк мини тест жүргүзүү;
- 3-4-варианттан турган тапшырмалары менен текшерүү иштерин уюштуруу;
- түрдүү деңгээлдеги тапшырмалардын жооптору менен карточкалар;
- жалпы класска даярдалган тест жүргүзүү (бланка же компьютер аркылуу).

Мисалы, Фигуранын аянтын табуу түшүнүгүн бергенден кийин класс менен төмөнкүдөй текшерүүчү мини-тест жүргүзүүгө болот:
























Өз алдынча иштерди уюштуруу ишмердүүлүгү окуучуларда кошумча тарбиялоо эффектин берет:

- окуучулар сабакта гана эмес сабактан тышкаркы убактарда да өз алдынча иштөөгө үйрөнүшөт;
- өзүнөн чоңдордун жардамысыз эле өздөрү жумуштарды аткарышат;
- окуучулар мектептин тегерегинде уюштурулуучу чыгармачыл иштерге өз алдынча даярданышып, активдүү катышып, лидерлик сапаттары калыптандырылат;
- өз алдынча ой жүгүртүү, ой корутундулоосу калыптандырылат.

Өз алдынча иштерди уюштурууда алардын аткарылышы, иштелиши боюнча так жана кыскача түшүндүрмөлөрдү берүү максатка ылайык. Убакытты туура пайдалануу үчүн компьютердик технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдалануу, керектүү учурларда мультимедиалык слайддарды көрсөтүп, ага окшош мисал-маселелерди кайра окуучуларга түздүрүп иштетүү жакшы эффектерди берээрин көрдүк.

Жыйынтыктап айтканда, мектепте математика боюнча өз алдынча иштер окутуу-тарбиялоо процессинин өзгөчө курамдык бөлүгүн түзөт. Аны окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруунун формасы катары кароо керек. Түрдүү типтеги өз алдынча иштерди аткаруу менен окуучулардын билимдери, билгичтиктери, көндүмдөрү жана жекече сапаттары өнүктүрүлөт.

### Адабияттар

1. Башталгыч класстардын программасы. Кыргыз тили, адабий окуу жана класстан тышкаркы окуу. Математика. Мекен таануу (1-4-кл.) Б.: 2014. - 47 б.
2. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. 3-басылышы - Б.: “Улуу тоолор”, 2015.- 384 б.
3. Бекбоев И.Б., Алимбеков А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. – Б.: Бийиктик, 2011. – 192 б.
4. Кошмина И.В. Межпредметные связи в начальной школе. М.: Владос, 2003 - 144 с.
5. Махмутов М.И. Современный урок. Вопросы теории – М.: 2002.- С. 37-40.